**«Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине ылайык «Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору даярдалды. Мыйзам долбоору 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун эске алуу менен иштелип чыкты.

«Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу (мындан ары – Корутунду), Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 72-беренесине ылайык даярдалды.

«Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (Мындан ары – Мыйзам долбору) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 94-беренесине ылайык 2021-жылдын 15-сентябрындагы чыг. № 01-1/3-10633 каты менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилип, 2021-жылдын 1-октябрындагы чыг. № 30-14574 каты менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине киргизилди.

**1. 2021-2023-жылдарга Социалдык фонддун бюджетинин долбоорунун макроэкономикалык негиздери.**

2022-2024-жылдарга киреше бөлүгү мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча колдонуудагы мыйзамдарга ылайык 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолунун, 2020-жылдын бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктарынын жана 2021-жылдын 1-жарым жылдыгында бюджеттин аткарылышынын алдын ала жыйынтыктарынын негизинде түзүлдү.

2022-2024-жылдарга карата макроэкономикалык көрсөткүчтөр

| | Чен бир. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | факт | күтүлүүчү | долбоор | божомол | божомол |
| Анык ИДПнын өсүшү | % | 91,4 | 103,2 | 106,5 | 103,9 | 104,0 |
| Пенсионердин жашоо минимуму (ПЖМ) | сом | 4 785,4 | 5 292,7 | 5 636,7 | 5 963,6 | 6 273,7 |
| Орточо айлык эмгек акы | сом | 18 493,0 | 18 940,7 | 19 434,2 | 20 276,2 | 20 887,8 |
| Өткөн жылга КБИ | % | 106,3 | 110,6 | 106,5 | 105,8 | 105,2 |

## 2. Бюджеттин киреше белугун болжолдоонун негиздуулугун талдоо

Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети кирешелер боюнча 68 511,1 млн. сом суммасында (ИДПдан 9,6%) же 2021-жылга такталган бюджеттен 5 899,4 млн. сомго көбүрөөк түзүлдү. 2020-жылга карата өсүш 12 455,0 млн. сомду же 122,2% түзөт.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнүн көлөмү эмгек акынын өсүшүнө жараша болжолдуу эмгек акы фондуна төлөөчүлөр категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн белгиленген тарифтеринен улам эсептелди.

Берилген Мыйзам долбооруна ылайык, 2022-жылга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 41 689,1 млн. сом суммасында болжолдонууда. 2021-жылга такталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнө салыштырганда өсүш 108,1% түзөт, номиналдык туюнтмада 3 124,2 млн. сом.

2023-2024-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнүн божомолу 44 058,9 млн. сомду жана 46 558,5 млн. суммасында белгиленүүдө.

(млн. сом)

| 2021-ж. такталган | 2022-ж. долбоор | өсүш | | 2023-ж. божомол | өсүш | | 2024-ж. божомол | өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | +/- | % | | +/- | % | | +/- | % |
| 38 564,9 | 41 689,1 | 3 124,2 | 108,1 | 44 058,9 | 2 369,8 | 105,7 | 46 558,5 | 2 499,6 | 105,7 |

2022-жылга камсыздандыруу фонддору боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү Пенсиялык фондго 35 937,9 млн. сомду, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 3 105,2 млн. сомду, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 386,2 млн. сомду жана Мамлекеттик пенсиялык топтомо фондуна 2 259,8 млн. сомду түзөт.

(млн. сом)

| | 2020-ж. факт. | 2021-ж. такталган | 2022-ж. долбоор | +/- (долбоор-тактал.) | 2023-ж. божомол | 2024-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү** | **33 177,4** | **38 564,9** | **41 689,1** | **3 124,2** | **44 058,9** | **46 558,5** |
| Пенсиялык фонд | 28 642,2 | 33 243,3 | 35 937,9 | 2 694,6 | 37 979,8 | 40 133,0 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 418,2 | 2 866,8 | 3 105,2 | 238,4 | 3 281,3 | 3 466,6 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 302,8 | 363,0 | 386,2 | 23,2 | 408,4 | 431,8 |
| Мамлекеттик пенсиялык топтомо фонду | 1 814,2 | 2 091,8 | 2 259,8 | 168,0 | 2 389,5 | 2 527,1 |

2022-2024-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча төмөндөгүдөй пландалууда.

(млн. сом)

| | 2020-ж. факт. | 2021-ж. такт-н | 2022-ж. долбоор | 2021-ж. такт-га карата 2022-ж. өсүш | | 2023-ж. божомол | 2022-ж. карата 2023-ж. өсүш | | 2024-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | | +/- | % | |
| Өнөр жай ишканалары жана уюмдар | 17 902,2 | 19 234,4 | 20 437,9 | 1 203,5 | 106,3 | 21 604,2 | 1 166,3 | 105,7 | 22 840,4 |
| Бюджеттик уюмдар | 14 083,7 | 17 972,0 | 19 855,9 | 1 883,9 | 110,5 | 21 059,9 | 1 203,9 | 106,1 | 22 283,8 |
| А/Ч кооперативдери | 17,4 | 17,4 | 18,9 | 1,5 | 108,5 | 18,9 | 0,0 | 100,0 | 18,9 |
| ДФЧ | 218,1 | 285,1 | 281,7 | -3,4 | 98,8 | 279,3 | -2,4 | 99,1 | 263,6 |
| Жеке ишкерлер | 940,0 | 1 039,8 | 1 077,4 | 37,6 | 103,6 | 1 078,5 | 1,1 | 100,1 | 1 132,4 |
| Жеңилдетилген уюмдар | 16,1 | 16,2 | 17,3 | 1,1 | 106,8 | 18,2 | 0,9 | 105,4 | 19,4 |
| **Бардыгы** | **33 177,4** | **38 564,9** | **41 689,1** | **3 124,2** | **108,1** | **44 058,9** | **2 369,9** | **105,7** | **46 558,5** |

Өнөр жай ишканалары жана уюмдары боюнча орточо айлык эмгек акынын өсүшүн эске алганда, 2022-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү 20 437,9 млн. сом суммасында, же 106,3% өсүшү менен болжолдонууда. 2023-2024-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 21 604,2 млн. сом жана 22 840,4 млн. сом суммасында белгиленүүдө.

Бюджеттик уюмдар боюнча 2022-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү 19 855,9 млн. сом суммасында, же 110,5% өсүшү менен болжолдонууда. 2023-2024-жылдарга түшүүлөр 21 059,9 млн. сом жана 22 283,8 млн. сом суммасында белгиленүүдө.

Уюшкан айыл чарба секторунан камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо 2022-2024-жылдарга жыл сайын 18,9 млн. сомдон пландалууда.

2022-жылга дыйкан (фермердик) чарбалардан камсыздандыруу төгүмдөрү өткөн мезгилдердеги карыздарды жоюуну эске алганда 281,7 млн. сом суммасында болжолдонууда, 2023-жылга 279,3 млн. сом жана 2024-жылга 263,6 млн. сом суммасында пландалууда.

Жеке ишкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү сптып алынган камсыздандыруу полистерин эске алганда 2022-жылга 1 077,4 млн. сом суммасында пландалууда. 2023-2024-жылдарга 1 078,5 млн. сом жана 1 132,4 млн. сом суммасында болжолдонууда.

Жеңилдетилген уюмдардан камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо 2022-жылы 17,3 млн. сом күтүлүүдө. 2023-2024-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 18,2 млн. сом, жана 19,4 млн. сом суммасында пландалууда.

### 3. Башка кирешелердин келип тушуулерун талдоо

Ишканалардын акциялары боюнча түшкөн дивиденддердин, эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздардын, туумдардын жана айыптардын, регресстик талаптарды коюудан жана башка булактардын эсебинен 2022-жылы башка кирешелердин түшүшү 146,4 млн. сом суммасында пландалууда.

(млн. сом)

| Башка кирешелер | 2020-ж. факт. | 2021-ж. такт-н | 2022-ж. долбоор | +/- (долбоор-такталган | 2023-ж. божомол | 2024-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **342,0** | **275,8** | **146,4** | **-129,4** | **146,4** | **146,4** |
| Социалдык фондго таандык болгон ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 127,8 | 51,3 | 20,0 | -31,3 | 20,0 | 20,0 |
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 103,2 | 96,4 | 71,9 | -24,5 | 71,9 | 71,9 |
| Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук которбогондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 43,2 | 48,0 | 50,0 | 2,0 | 50,0 | 50,0 |
| коммерциялык банктардын эсептериндеги Социалдык фонддун акча каражаттарынын калдыгына эсептелген пайыздар | 59,0 | 66,0 | | -66,0 | | |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 1,2 | 10,1 | 0,5 | -9,6 | 0,5 | 0,5 |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 5,7 | 3,0 | 3,0 | 0,0 | 3,0 | 3,0 |
| Социалдык фондунун башка кирешелери | 1,9 | 1,0 | 1,0 | 0,0 | 1,0 | 1,0 |

### 4. Алынган расмий трансферттер

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен төмөнкүдөй төлөмдөр каржыланат: пенсиянын базалык бөлүгү, электр энергиясы үчүн компенсациялар, аскер кызматчыларынын пенсиялары, аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулдар, көп балалуу энелерге жана бала кезинен майып балдардын энелерине, бийик тоолуу шарттарда, алыскы жана барууга кыйын райондордо жашаган жана иштеген адамдарга, пенсияларга үстөк акылар (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, 80 жашка толгон пенсионерлерге, ардактуу донорлорго, концлагерлердин туткундарына, саясий жүйөөлөр боюнча куугунтукка алынгандарга, блокада мезгилинде Ленинград шаарында иштегендерге, баатыр энелерге, Чернобыль

АЭСиндеги авариясынын кесепеттерин жоюуга катышуучуларга, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендерге).

2022-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар 26 675,6 млн. сом суммасында пландаштырылган, бул 2021-жылдын такталган бюджетинен 2 904,7 млн. сомго көп. Көбөйүшү пенсиялардын ар жылдык индексациясы, пенсионерлердин санынын өсүшү жана күч министрликтеринин жана ведомстволорунун кызматкерлерине эмгек акыларынын жогорулашына карата аскер кызматкерлеринин пенсияларынын көбөйүшү менен байланыштуу.

(млн. сом)

| **Аталышы** | **2020-ж. факт.** | **2021-ж. 01.01. калдык** | **2021-ж. такт-н** | **2022-ж. долбоор** | **+/- (долбоор – такт-н)** | **2023-ж. божомол** | **2024-ж. божомол** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **22 110,4** | **230,3** | **23 770,9** | **26 675,6** | **2 904,7** | **27 786,2** | **28 880,9** |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 13 245,7 | -1,6 | 14 486,1 | 16 557,7 | *2 071,6* | 17 313,1 | 17 899,3 |
| Электр энергиясы үчүн компенсациялар | 1 916,4 | -43,2 | 1 938,7 | 1 986,2 | *47,5* | 2 036,9 | 2 088,2 |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3 223,1 | 81,0 | 3 546,4 | 4 078,6 | *532,2* | 4 224,7 | 4 523,1 |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 37,9 | 6,7 | 127,4 | 120,0 | *-7,4* | 120,0 | 120,0 |
| Пенсиялар жана пенсияларга үстөк акылар | 3 687,3 | 187,4 | 3 727,6 | 3 933,1 | *205,5* | 4 091,5 | 4 250,4 |
| Каржы министрлигинин Социалдык фонд алдындагы карызын төлөө | | | 174,9 | | *-174,9* | | |
| Социалдык фонддун Каржы министрлик алдындагы карызын төлөө | | | -230,3 | | *230,3* | | |

## 5. Социалдык фонддун бюджетинин долбоорунун чыгымдар белугун талдоо

2022-жылга Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдарынын жалпы көлөмү 67 144,5 млн. сомду түздү (ИДП карата 9,4%), бул 2021-жылдын такталган бюджетинин чыгымдарынан 5 131,8 млн. сомго көп.

(млн. сом)

| **Фонддор** | **2020-жыл анык** | **2021-жыл тактал-ган** | **2022-жыл долбоор** | **2021-ж. такт. карата өсүш** | | **2020-ж. карата өсүш** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **+/-** | **%** | **+/-** | **%** |
| **Бардык чыгымдар** | **56 635,9** | **62 012,7** | **67 144,5** | 5 131,8 | 108,3 | 10 508,6 | 118,6 |
| Пенсиялык фонду | 52 261,9 | 56 618,7 | 61 445,7 | 4 827,0 | 108,5 | 9 183,8 | 117,6 |
| Мамлекеттик топтолмо пенсиялык фонду | 1 814,2 | 2 091,8 | 2 259,8 | 168,0 | 108,0 | 445,6 | 124,6 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 361,5 | 2 844,3 | 3 058,6 | 214,3 | 107,5 | 697,1 | 129,5 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 198,3 | 457,9 | 380,5 | - 77,4 | 83,1 | 182,2 | 191,9 |

2022-жылга Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары экономикалык классификациялоо боюнча төмөндөгүдөй көрсөтүгөн:

(млн. сом)

| | | 2020-ж. (факт.) | 2021-ж. (такталган) | 2022-ж. (долбоор) | +/- (долбоор – такталган) |
|---|---|---|---|---|---|
| **2** | **Чыгашалар** | **56 635,9** | **62 012,7** | **67 144,5** | ***5 131,8*** |
| | ***Жалпы операциялык чыгашалар*** | **56 608,3** | **61 965,7** | **67 098,5** | ***5 132,8*** |
| 2111 | Эмгек акы | 603,9 | 638,7 | 638,7 | *0,0* |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр | 98,1 | 110,2 | 110,2 | *0,0* |
| 2211 | Кызматтык иш-сапарларга чыгымдар | 6,3 | 20,0 | 20,0 | *0,0* |
| 2212 | Байланыш кызматына | 8,5 | 11,5 | 11,5 | *0,0* |
| 2213 | Ижара акысы | 3,7 | 3,9 | 3,9 | *0,0* |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 9,9 | 11,6 | 14,3 | *2,7* |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 25,1 | 39,0 | 39,0 | *0,0* |
| 2221 | Мүлктүн утурумдук ремонтуна чыгымдар | 1,7 | 5,1 | 5,1 | *0,0* |
| 2222 | Утурумдук чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу | 14,1 | 18,0 | 18,0 | *0,0* |
| 2224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 1,9 | 2,0 | 2,0 | *0,0* |
| 2225 | Күзөт кызматтарын сатып алуу | 2,4 | 4,6 | 4,6 | *0,0* |
| 2226 | Банк кызматтарын төлөөгө чыгымдар | 11,0 | 11,3 | 12,2 | *0,9* |
| 2227 | Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар | 339,0 | 379,4 | 346,6 | *-32,8* |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 8,3 | 9,2 | 9,2 | *0,0* |
| 2621 | Эл аралык уюмдарга учурдагы төгүмдөр | 4,6 | 3,2 | 5,4 | *2,2* |
| 2631 | Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар | 4 374,0 | 5 394,0 | 5 698,8 | *304,8* |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул | 51 039,9 | 55 254,0 | 60 107,0 | *4 853,0* |
| 2824 | Резервдик фонддор | 1,4 | 2,0 | 2,0 | *0,0* |
| 2828 | Социалдык фонддун өнүктүрүү фонду | 54,5 | 48,0 | 50,0 | *2,0* |
| | ***Жалпы финансылык эмес активдер*** | **27,6** | **47,0** | **46,0** | **-1,0** |
| 3111 | Имараттар жана курулуштар | 19,2 | 25,0 | 24,0 | *-1,0* |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 8,4 | 22,0 | 22,0 | *0,0* |

«Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда пландаштырылган чыгымдар 67 144,5 млн сомду түзөт, бул Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга такталган бюджетинен 5 131,8 млн сомго көп.

2022-жылга каралган чыгымдардын көбөйүшү пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөгө чыгымдардын 4 853,0 млн сомго (60107,0-55254,0) өсүшү менен байланыштуу. Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөгө чыгымдардын керектөөлөрүн аныктоо эсептери бар.

Мындан тышкары, «Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар боюнча чыгымдар 5 698,8 млн. сом суммасында пландалган, бул 2021-жылга такталган пландан 304,8 млн сомго көп.

2022-жылга Социалдык фонддун бюджетинде пенсияларды жогорулатууга 784,5 млн. сом көлөмүндө каражаттар каралууда.

Пенсионердин сөөгүн коюуга жөлөкпулдун өлчөмү пенсиянын базалык бөлүгүнүн 10-эселенген өлчөмүндө белгиленген. Сөөк коюуга жөлөкпулдарды төлөөгө 2022-жылы 445,0 млн. сом суммасында каражат каралууда.

2022-жылы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 3 058,6 млн. сом жумшоо пландалууда, киреше бөлүгүнүн түшүшү 3 105,2 млн. сом суммасында болжолдонууда, айырмасы 46,6 млн. сомду түзөт, бул «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине толугу менен чегерилүүгө тийиш жана 2020-жылы кармалган 36,3 млн. сом дагы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна которулушу керек.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо 380,5 млн сом өлчөмүндө пландалууда, 2022-жылга болжолдуу көрсөткүчтөрдүн маалыматы боюнча Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна киреше бөлүгүнө түшүшү 386,2 млн сом суммасында пландаштырылган, айырма 5,5 миллион сомду түзөт, бул «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна толугу менен которулууга тийиш жана 2020-жылы кармалган 4,5 млн. сом дагы Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо которулушу керек.

2022-жылы Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 2 259,8 млн. сом суммасында пландалууда. 2022-жылы инвестициялоодон кирешелер 3 300,9 млн. сом суммасында болжолдонууда.

Социалдык фонддун резервдик фонду Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жана 2,0 млн. сом суммасында кайрымдуулук иш-чараларына пландалган чыгымдар Резервдик фондду түзүү максаттарына жооп бербейт.

Социалдык фонддун 2022-жылга бюджетинин долбоору 1 366,5 млн. сом суммасындагы профицит менен түзүлдү.

**Корутунду жана сунуштар:**

1. «Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сунушталган долбоору Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылйык келет.
2. «Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна эсептөөлөр Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолунун көрсөткүчтөрүнө негизделген.
3. 2022-жылга Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна болжолдонгон чыгашалар 2020 –жылы 36.3 миллион сом, жана 2021-жылы 43.0 миллион сом мурда кармалган суммаларга көбөйтүү керек, 2022-жылы «Социалдык фонддун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилгенде бюджеттин чыгаша бөлүгүнө Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан мурда кармалган 79,3 млн. сом суммасына көбөйтүлүүгө тийиш.
4. Ошондой эле 2022-жылы «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 2022-жылга болжолдонгон чыгашаларын 2020 жана 2021- жылдарда кармалган 10,0 млн. сомго көбөйтүү сунушталат.
5. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фондунун чыгашаларын 2,0 миллион сомго кыскартылсын.

Корутунду Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын башкы мамлекеттик инспекторлор Токторова А.С., Садыков Ж.К. турган топ тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **М.К. Арзыбаев**